**2019-жылдын 14- февралындагы пед. кеңеште каралды**

**БЕКИТЕМ**
Мектеп директору
_________ А.Асаналиева
___ февраль 2019-жыл

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 16-майы № 225 "Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттык сактоо жаатындагы нормативдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө" токтому*

**«Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптардынга** «Санитардык–эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдери» **негизинде түзүлгөн К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин**

## САНИТАРДЫК-ЭПИДЕМИОЛОГИЯЛЫК ЭРЕЖЕЛЕРИ ЖАНА ЧЕНЕМДЕРИ

*(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-июнундагы № 295 токтомунун редакциясына ылайык)*

### 1. Жалпы жоболор жана колдонуу чөйрөсү

1. "Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар" санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдери (мындан ары - санитардык эрежелер) жалпы билим берүү уюмдарындагы окуучулардын ден соолугун сактоого багытталган.

2. Санитардык эрежелер төмөнкүлөргө карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарды белгилейт:

- жалпы билим берүү уюмун жайгаштыруу;
- жалпы билим берүү уюмунун аймагына;
- жалпы билим берүү уюмунун имаратына;
- жалпы билим берүү уюмунун имаратынын жабдууларына;
- аба-жылуулук режими;
- табигый жана жасалма жарыктандыруу;
- суу менен камсыз кылуу жана канализация;
- ылайыкташтырылган имараттарда жайгаштырылган жалпы билим берүү уюмунун жайлары жана жабдуулары;
- билим берүү процессинин режими;
- окуучуларды медициналык тейлөөнү уюштуруу;
- жалпы билим берүүчү уюмдардын санитардык абалы жана аларды күтүү;
- окуучулардын тамактануусун уюштуруу.

3. Санитардык эрежелер долбоорлонуп, иштеп, курулуп жана кайрадан конструкцияланып, орто (толук) жалпы билим берүүнү жүзөгө ашырып жана жалпы билимдин үч тепкичинин жалпы билим берүүчү программаларына ылайык билим берүү процессин жүзөгө ашырып жаткан жалпы билим берүү уюмуна алардын менчигинин түрүнө жана формасына карабастан жайылтылат: